**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ**

**ОШ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ**

**ПЕДАГОГИКА, ПСИХОЛОГИЯ ЖАНА ДЕНЕ ТАРБИЯ ФАКУЛЬТЕТИ**

# Окумуштуулар Кеңеши
## №3 (2020-жыл, 4-декабрь)




***Күн тартибинде:***

**1.**Бакалавриат программасынын предметтери боюнча студенттердин өз алдынча иштерин уюштурууга карата түзүлгөн компетенттүүлүккө багытталган тапшырмалардын абалы. ***(Комиссиянын төрайымы: А.Таабалдиева, мүчөлөрү: Г.Өмүрзакова, Н.Капарова).***

**2.**ДТСТМ, №1 ФАДТ кафедраларынын профессордук-окутуучулук курамынын иш кагаздарынын абалы (жумушчу программа, силлабус, окуу-методикалык комплекс). ***(Комиссиянын төрайымы: А.Таабалдиева, мүчөлөрү: Г.Өмүрзакова, Н.Капарова).***

**3.**Ар түрдүү маселелер.

**ОШ – 2020**

Scanned with CamScanner

**Ош МУнун педагогика, психология жана дене тарбия факультетинин бакалавриат программасынын предметтери боюнча студенттердин өз алдынча иштерин уюштурууга карата түзүлгөн компетенттүүлүккө багытталган тапшырмалардын абалыжана ДТСТМ, №1 ФАДТ кафедраларынын профессордук-окутуучулук курамынын иш кагаздарынын абалы деп аталган маселе боюнча даярдалган**

# СПРАВКА

## 1.Бакалавриат программасынын предметтери боюнча студенттердин өз алдынча иштерин уюштурууга карата түзүлгөн компетенттүүлүккө багытталган тапшырмалардын абалы

Бакалавриат программаларынын предметтери боюнча студенттердин өз алдынча иштерин уюштурууга карата түзүлгөн компетенттүүлүккө багытталган тапшырмалардын абалын баалоо максатында факультеттин деканы, доцент Б.Б. Муратбаев тарабынан дайындалган комиссия курамы иш алып барды **(Жооптуулар: комиссиянын төрайымы: А.Таабалдиева, мүчөлөрү: Г.Өмүрзакова, Н.Капарова).**

Студенттерди окутууда кесиптик компетенцияларды калыптандырууда маанилүү каражат болуп студенттердин өз алдынча иштөөсү саналат. Бул максатта интернеттеги ачык билим берүү ресурстарын (Zoom, Мультиурок, Google Класс платформасындагы Classroom) пайдаланып, студенттердин өз алдынча иштөөсү онлайн режиминде ар бир предмет боюнча ишке ашырыла баштады. Студенттердин өз алдынча иштөөсүн ишке ашыруу менен сабакта өтүлүп жаткан теманы бекемдөөдө кайтарым байланыш жүргүзүлүп жатат.

Бакалавр багытында дисциплиналардын мазмунунун 50%ы студенттин өз алдынча ишине туура келгендиктен, берилген тапшырмалар компетенттүүлүккө багытталган болушу зарыл. Окутуучулардын жумушчу программа, силлабус, ОМКлары менен таанышуудан, өздүк маалыматтарынан факультетте студенттердин өз алдынча иштерине жана алардын аткарылышы жолго коюлуп калгандыгын көрүүгө болот. Кафедраларда тиешелүү дисциплиналар боюнча студенттердин өз алдынча иштери практикалык жумуштарда, жумушчу программаларда жана силлабустарда көрсөтүлгөн. Айрым пайдаланылуучу материалдар, адабияттар менен иштөөнү уюштуруу боюнча методикалык көрсөтмөлөр иштелип чыккан. Өз алдынча иштин тапшырмалары онлайн окутуу шартында студенттер тарабынан аткарылып жаткандыгын байкоого болот.



Scanned with CamScanner

Студенттердин өз алдынча иштөөсүн ишке ашыруу менен сабакта өтүлүп жаткан теманы бекемдөөдө кайтарым байланыш онлайн тартибинде жүргүзүлүп жатат.

## ДТСТМ кафедрасы

Дене тарбия багытында окуп жаткан студенттердин өз алдынча иштерине кафедранын ар бир окутуучусу тарабынан окуткан предметинин өзгөчөлүгүнө жараша өз алдынча иштердин уюштурулушу, ага берилүүчү тапшырмалар жана аларды аткаруу тартиптери өз чыгармачылыгы менен түзүлгөн жана ар бир окутуучунун кафедрадагы папкасында БКФда тиркелген.

Аларга токтоло кетсек, дене тарбия, тандап алган спорттун түрү, спорттук педагогикалык чеберчиликти жогорулатуу, волейбол, баскетбол, футбол, женил атлетика сыяктуу адистикке тиешелүү предметтерде студенттер менен өз алдынча иш алып баруу ар бир сабакта ишке ашырылат. Бул предметтердин студенттердин өз алдынча иштеринин уюштурууга карата түзүлгөн тапшырмалары компетенттүүлүккө багытталып түзүлгөндүгүнө текшерүү учурунда күбө болдук. Мындан сырткары, гимнастика, улутук оюндар, илимий изилдөө ишинин негиздери, ТФК, БЖД, ЛФК массаж, ОФП, анатомия жана физиология ж.б. дицсиплиналары боюнча студенттердин өз алдынча иштеринин уюштурууга карата түзүлгөн тапшырмаларынын компетенттүүлүккө багытталып түзүлгөндүгүн да айтууга болот.

Негизинен ДТСТМ кафедрасынын октуучуларынын окуткан дицсиплиналары боюнча студенттердин өз алдынча иштеринин уюштурууга карата түзүлгөн тапшырмаларынын компетенттүүлүккө багытталып түзүлгөндүгү бүгүнкү күндүн талаптарына жооп берет.

## Сунуш:

1.Ар бир окутуучу өзүнүн дисциплинасынан СӨАИге компетенттүүлүккө багытталган тапшырмалардын топтомун түзсө жана НББПнын ОНна дал келүүсүнө көңүл бурулса;

2.СӨАИ теориялык жактан аткарылышын эле камсыз кылып калбастан практикалык жактан ык, машыгууларга багытталган тапшырмаларга басым жасашса;

3.Факультеттин жамааты онлайн шартында СӨАИ иштеринин аткарылышына олуттуу мамиле жасап, даярдык көрүшсө.



Scanned with CamScanner

түрлөрү, мамстандартта көрсөтүлгөн компетенциялар, дисциплинаны окутуунун натыйжалары негизинен көрсөтүлгөн.

Белгилей кетчү нерсе, аталган кафедрада ОМКлардын абалы дурус экендиги байкалды. Атап айтсак, кафедрадагы окутуучулардан К.Нурматов, Ө.Абдыраманов, С.Манасов, Г.Турдумамтованын ОМКлары мактоого арзыйт.Калган окутуучулардын ОМКларын карап, бирок толуктай турган жерлери бар экендиги тууралуу кафедра башчысына билдирдик. Окутуучу Нурбек уулу Медердин ОМКсын көрө алган жокпуз.

Аталган кафедрада бир түрдүү (дене тарбия) предмет болгондугуна байланыштуу комиссия мүчөлөрү текшерүүдө эч кандай өзгөчөлөнгөн нерсени байкай албадык. Анткени, жумушчу программа, силлабус, БКф, тест, рефераттын суроолору окшош. Белгилей кетүүчү нерсе, СӨАИде компетенттүүлүккө багытталган тапшырмаларды түзүшсө деген пикирди айттык, анткени реферат, тест, норматив тапшыруу (эркек балдар үчүн бөлөк, кыз балдар үчүн бөлөк) жумуштары гана көрсөтүлгөн. Негизинен, кафедрада окуу-методикалык материалдарынын абалы жакшы, бирок бир аз өзгөчөлүк менен №19 бюллетенди негиз кылып, кайрадан толуктоо иштерин жасап коюшса жакшы болмок. Бул айтылган сын-пикир бардык окутуучуларга тиешелүү эмес.

**Кафедранын окуу-методикалык материалдарынын сапаты боюнча төмөндөгү таблицада көрсөтүлдү**

| № | Ф.И.О. | Илимий даражасы, кызматы | силлабус | Жумушчу программа | ОМКнын абалы | БКФ | Тапшырмалар пакети |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | Абдырахманов Ө. | окутуучу | + | + | + | жакшы | + |
| 2 | Абдурашид уулу Ө. | окутуучу | + | + | + | | |
| 3 | Атабаев А. | улук окутуучу | + | + | + | | |
| 4 | Даминов Т. | окутуучу | + | + | + | жакшы | + |
| 5 | Жалалов Т. | улук окутуучу | + | + | + | + | + |
| 6 | Жамшитбекова А. | окутуучу | + | + | + | | |
| 7 | Капаров А. | окутуучу | + | + | + | | |
| 8 | Карабаев Р. | Каф.башчы | + | + | + | + | + |
| 9 | Келдибай уулу Н. | окутуучу | + | + | + | | |
| 10 | Молдалиев М. | улук окутуучу | + | + | + | | |
| 11 | Манасов С. | улук окутуучу | + | + | + | жакшы | + |



Scanned with CamScanner

| | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 12 | Нурбек кызы А. | окутуучу | + | + | + | | |
| 13 | Нурбек уулу М. | окутуучу | - | - | - | | |
| 14 | Нурматов К. | улук окутуучу | + | + | + | жакшы | + |
| 15 | Окен уулу Ш. | окутуучу | + | + | + | | |
| 16 | Орозмамат уулу И. | окутуучу | + | + | + | | |
| 17 | Салибаев А. | улук окутуучу | + | + | + | | |
| 18 | Сапиев Ж. | окутуучу | + | + | + | | |
| 19 | Саттаров К. | окутуучу | + | + | + | + | + |
| 20 | Таши уулу Ж. | окутуучу | + | + | + | | |
| 21 | Ташибекова У. | улук окутуучу | + | + | + | | |
| 22 | Темирбаев С. | улук окутуучу | + | + | + | жакшы | + |
| 23 | Турдумаматова Г. | окутуучу | + | + | + | жакшы | + |
| 24 | Уланбек уулу К. | окутуучу | + | + | + | тест | |
| 25 | Ханкелдиев Т. | окутуучу | + | + | + | | |

**Сунуштар:**

1.Кафедрадагы окуу-методикалык материалдардын сапатын жакшыртууга олуттуу көнүл бурулса;

2.Кафедра мүчөлөрүнө ОМКны, силлабусту жана жумушчу программаны түзүү боюнча методикалык семинарлар уюштурулса;

3.Кафедра мүчөлөрүнө билимин жогорулатуу курстары уюштурулса;

4.Кафедранын башка ЖОЖдор менен байланышы күчөтүлсө жана келишимдер түзүлсө.

**Чечим:**

1. №1 ФАДТ кафедрасынын окуу-методикалык материалдарынын сапатынын абалы боюнча комиссиянын билдирүүсү эске алынсын;

2.Кафедра мүчөлөрүнө ОМКны, силлабусту жана жумушчу программаны түзүү, билимин жогорулатуу боюнча семинарларды уюштуруу кафедра башчысына жүктөлсүн;

3.10 күндүн ичинде ОМКны, силлабусту жана жумушчу программаны, БКФны ондоп, толуктоо жагы кафедра мүчөлөрүнө милдеттендирилсин;

4.Жогоруда көрсөтүлгөн милдеттердин аткарылышын көзөмөлдөө кафедра башчысы Р.Карабаевге жүктөлсүн.



Scanned with CamScanner